**И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, Ош мамлекеттик университетинин астындагы география илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча Д 25.24.698 диссертациялык кеңештин экспертинин Орозалиев Алымкул Абдикеримовичтин "Баткен областынын суу-жер ресурстарынын колдонулушун баалоо, коргоо жана анын көйгөйлүү маселелери "деген темадагы 25.00.36 – геоэкология адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына**

## ЭКСПЕРТТИК БҮТҮМ

Изденүүчү Орозалиев Алымкул Абдикеримовичтин "Баткен областынын суу-жер ресурстарынын колдонулушун баалоо, коргоо жана анын көйгөйлүү маселелери" деген темадагы 25.00.36 – геоэкология адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын карап чыгуу менен төмөндөгүдөй бүтүмгө келдим:

**1.Иштин диссертациялык кеңештин профилине жана адистиктин паспортуна дал келиши.** Орозалиев Алымкул Абдикеримовичтин коргоого коюлган «Баткен областынын суу-жер ресурстарынын колдонулушун баалоо, коргоо жана анын көйгөйлүү маселелери» деген темада жазылган диссертациялык иши И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, Ош мамлекеттик университинин астындагы география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын коргоо боюнча Д 25.24.698 диссертациялык кеңештин профилине туура келет, жана 25.00.36 – геоэкология адистигинин паспортуна толугу менен жооп берет.

**Изилдөөнүн максаты** болуп географиялык-гидрологиялык ыкманын негизинде областын суу-жер ресурстарына геоэкологиялык жактан баа берүү, азыркы мезгилдеги климаттын тийгизген таасирин аныктоо, суу-жер ресурстарын пайдалануудагы геоэкологиялык көйгөйлөрдү илимий жактан талдоо болуп эсептелет.

Коюлган максат төмөнкү **милдеттерди** аткаруу менен чечилген:

1. Областын суу-жер ресурстарынын географиялык таркалуу мыйзам ченемдүүлүгүн изилдөө;
2. Областын суу-жер ресурстарынын сезондук өзгөрүүсүн аныктоо жана азыркы көлөмүнүн өзгөрүлүшүн прогноздоо; ГИС ыкмасынын негизинде аймактын карталарын; (жылдык атмосфералык жаан-чачындардын өлчөмү, жылдык буулануунун саны, климаттын сезондук өзгөрүүсү, областын 2100-жылга чейинки болжолдуу карталарын түзүү.
3. Суу-жер ресурстарынын азыркы мезгилдеги абалына геоэкологиялык баа берүү;

4. Азыркы учурдагы климаттын өзөрүүсүн анализдөө менен аймактын суу-жер ресурстарынын келечегин прогноздоо.

5. Областын; суу-жер ресурстарын коргоо жана сарамжалдуу пайдалануу иш аракеттерин негиздөө, илимий жактан өсүмдүктөрдүн адаптацияланyy механизмдерин аныктоо.

**Изилдөөнүн объектиси болуп** Баткен областынын аймагынын геоэкологиялык абалы саналат. Изилдөөдө; маалыматтарды топтоо, байкоо жүргүзүү, географиялык-гидрологиялык, салыштырма-географиялык, статистикалык, картографиялык, талаада изилдөөлөр, экспедициялык усулдар колдонулуп, ГИС ыкмасынын негизинде изилденип жаткан аймактын карталары түзүлгөн, Пайдаланылган усулдар 25.00.36-геоэкология адистигинин талабына жооп берет.

**2.Изилдөө темасынын актуалдуулугу.** Баткен областынын экономикалык, социалдык багыттарын көтөрүүдө айыл чарбасынын өнүгүүсүндө негизги фактор суу-жер ресурстарын үнөмдүү зарылчылыгы пайда болгон.

Изилденип жаткан область Республиканын түштүгүндө жайгашкан, географиялык жактан кургакчыл аймакка кирет. Областы өнөр жай жана агрардык айыл чарбасына багытталган аймак болгондуктан анын экономикасын өнүктүрүүдө жана калктын социалдык абалын көтөрүүдө суу-жер ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу актуалдуу болуп саналат. Диссертациялык изилдөө аталган багыт боюнча жазылган. Проблемаларды чечүүдө изденүүчү Орозалиев Алымкул Абдикеримовичтин илимий ишин актуалдуу деп кабыл алууга негиз бар.

**3. Илимий иштин жыйынтыктары** теориялык жана практикалык жыйынтыктарда негизделген: суу-жер ресурстарын коргоо жана сарамжалдуу пайдалануу; Бийиктик алкактардагы суу-жер ресурстарынын мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктоо; Суу ресурстарынын көлөмүн сандык жактан тактап, суунун жетишсиздигинин себептерин анализдөө; ГИС ыкмасынын негизинде атмосфералык жаан-чачындын, бууланyyнун жылдык, температуралык режимдин өзгөрүшүнө, климаттын 2100-жылга чейинки болжолдуу карталарын түзүү; Келечектеги климаттын өзгөрүүсүнө байланышттуу чарбачылыка терс таасир тийгизе турган факторлорду аныктоо; Климаттык шартына байланыштуу аймакта жаңы заманбап технологияларды колдонуу зарыл экендигин далилдеп, аларды тиричиликте жана чарбачылыкта пайдалануу; суу-жер ресурстарынын коргоо жана сарамжалдуу пайдалануу үчүн илимий жактан тастыкталган механизмдерди иштеп чыгуу.

**4. Изденүүчү тарабынан диссертацияда келтирилген ар бир илимий жыйынтыктын (илимий жобонун) жана бүтүмдөрдүн негиздөө деңгээли жана тактыгы.**

Автор тарабынан диссертацияны негиздөө үчүн төмөнкү факторлор пайдаланылган: суу-жер ресурстарын коргоо жана сарамжалдуу пайдаланууну илимий жактан тастыктоо; фермерлердин, дыйкандардын чарбалык иштеринин маалыматтары пайдаланылган; Салыштыруу ыкманын негизинде аймактын физикалык-географиялык шарттарын негизги факторлор катары кабыл алып суу-жер ресурстарынын мааниси илимий негизде аныкталган; аймактын суу-жер ресурстары сандык жактан такталып, областа суунун жетишсиздигинин себеби аныкталган; ГИС ыкмасынын негизинде, климаттын өзгөрүүсүнө байланыштуу областын 2100-жылга чейинки болжолдуу картасы түзөлгөн ж.б. Автордун жекече кошкон салымы илимий жактан аргументтелген, сандык көрсөткүчтөр менен далилденген.

**5. Изденүүчүнүн диссертацияда келтирилген ар бир илимий жыйынтыгынын (жобосунун) жана бүтүмдөрүнүн жанылык деңгээли.**

Диссертациялык иште илимий жактан негизделген жаңы теоретикалык жыйынтыктары төмөнкүлөр: Баткен областынын бийиктик алкактар боюнча суу-жер ресурстарынын бөлүнүшүнүн мыйзам ченемдүүлүгү аныкталган; суу-жер ресурстарынын көлөмү сандык жактан такталып, бүгүнкү күндөгү суунун жетишсиздигине баа берилген; картографиялык жана ГИС ыкмасынын негизинде карталар түзүлгөн; чарбачылык жүргүзүүдө климаттын өзгөрүүсүнө байланышкан терс таасирлер аныкталган; заманбап технологияларды колдонуу ыкмалары аныкталып суу-жер ресурстарын пайдаланууда жаңы ыкманы колдонуу сунушталган;

**6. Тийиштүү актуалдуу проблемаларды, теориялык жана колдонмо (прикладдык) милдеттерди чечүүгө арналган жыйынтыктардын ички бирдиктүүлүгүн жана багыттуулугун баалоо.**

Теориялык багытта жергиликтүү жана чет элдик белгилүү илимпоздөрдун эмгектери пайдаланылып, алардын негизинде изилдөө ыкмалары сунушталган; Диссертацияда ички биримдик жана логикалык байланыш сакталган; Диссертациялык иште аймактын суу-жер ресурстарына геоэкологиялык жактан баа берилип, адам баласынын жаратылыш компоненттерине тийгизген терс таасирлери аныкталып, суу-жер ресурстарын пайдаланыудагы геоэкологиялык көйгөйлөр илимий жактан талданып корутундулар сунушталган, жаңы багыттар аргументтелген.

**7. Алынган жыйынтыктардын практикалык маанилүүлүгү.**

Диссертациядагы сунуштарды Баткен областынын айыл чарбасын реформалоодо жана чарбачылык иштерин пландоодо негиз катары колдонууга

болот; Диссертациядагы географиялык-гидрологиялык усулду Баткен областынын аймагында суу-жер ресурстарынын бийиктик алкактар бөлүнүшү жөнүндөгү сунуштарды райондор менен жергиликтүү айыл өкмөттөрү тарабынан колдонсо болот; азыркы климаттын өзөрүүсүнө байланыштуу суу-жер ресурстарын жаңы багытта пайдаланса болот.

**А.А.Орозалиевдин диссертациясынын материалдарын ишке ашыруу төмөнкүлөргө мүмкүндүк берет:**

Баткен областынын бийиктик алкактар боюнча суу-жер ресурстарынын бөлүнүшүн илимий негизде аныктоодо; суу ресурстарын сандык жактан тактоодо жана чабачылыкта алдын-ала пландаштырууд; картографиялык жана ГИС ыкмасынын негизинде ар бир айыл өкмөтүнүн аймагындагы, атмосфералык жаан-чачындардын өлчөмүн, жылдык буулануунун санын, 2100-жылга чейинки болжолдуу карталарын түзүүдө; Келечектеги климаттын өзгөрүүсүнө байланышттуу боло турган терс таасирлерин аныктап, тиешелүү сунуштарды берүүдө ж.б.

**Диссертация төмөнкү документтердин жана материалдардын негизинде жазылган:**

Баткен райондук суу чарба башкармалыгынын, дыйкан фермерлеринин жерди иштетүү, жалпы сугаруу, тамчылатып сугаруу, суу-жер ресурстарын туура пайдалануу, суу ресурстарынын бийиктик алкактуулукка жараша бөлүнүшүнүн сандык көрсөткүчтөрүн аныктап алардын ыкмасын райондук суу чарба башкармалыгында талкулоо жана чечим кабыл алуу негизи болгон. Ош областынын Өзгөн районунун Жалпак-Таш айыл өкмөтүндөгү 2017-жылы жер көчкү басып калган Курбу-Таш айылынын аймагындагы жүргүзүлүп жаткан кыртышты калыбына келтирүү жана биорекультивациялоо боюнча "Курбу-Таш токой" долбоорундагы жаңы технологиялар жана инновациялык чечимдерди колдонуу. Илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктары К.Карасаев атындагы, Бишкек мамлекеттик университетиндеги экология жана менеджмент факультетинин география, экология багытындагы магистранттарына тандоо курсу иретинде окутулуп келет.

**Диссертацияда төмөнкү оң жыйынтыктарга жетишкен:**

Баткен областынын бийиктик алкактар боюнча суу-жер ресурстарынын бөлүнүшүнүн географиялык мыйзам ченемдүүлүгү такталып, анын аймактын физикалык-географиялык шарттарынын өзгөчөлүгүнө тийгизген таасири аныкталган; Аймактын суу-жер ресурстары сандык жактан такталып, бүгүнкү күндө областагы суунун жетишсиздиги боюнча баа берилген; ГИС ыкмасынын негизинде географиялык карталар иштелип чыгылган; климаттын өзгөрүүсүнө байланыштуу 2100-жылга чейинки болжолдуу карталары түзүлгөн; климаттын

өзгөрүүсүнө байланыштуу сунуштар берилген; аймакта жаңы заманбап технологияларды колдонуу зарыл экендиги аныкталып, жеке тиричилик жана чарбачылыкта жаңыча көз караште калыптандыруу маселелери каралган. Аймактын суу-жер ресурстарынын коргоо жана сарамжалдуу пайдаланууну сунуштоодо илимий жактан тастыкталган механизмдер аныкталып, сунуштар берилген; мамлекеттер аралык суу ресурстарын пайдалануудагы проблемалар боюнча теориялык жана практикалык сунуштар берилген.

**8. Жетишкендиктер менен катар төмөнкү кемчиликтерди белгилеп кетем:**

1. Диссертациялык иште жер ресурстар боюнча маалыматтар жетишсиз. Андыктан иште маалыматтарды көбөйтүү менен иретке келтирүү зарыл.

2. Сунушталган жоболор чар жайыт жазылган, жетекчи тарабынан дагы бир жолу текшерүү менен тексти толуктоо зарыл.

3. Карталарды түзүүдө бирдиктүү ыкмалар бар аларды кайра карап бир формага салуу зарыл.

4. Сүрөттүн ичиндеги жазуулар начар окулат, ошондуктан аларды кайрадан чийүүгө туура келет.

5. Иштин текстинде стилистикалык жетишбестиктер бар, ошондуктан диссертацияны баштан аяк карап, мүчүлүштүктөрдү жоюу керек.

6. Диссертацияны тилчилерге каратуу зарыл. Кемчилдиктерин оңдого болот. **Иш толугу менен илимий талапка жооп берет. Коргоого сунуш кылам.**

**9. Диссертациянын негизги жоболорунун, натыйжаларынын жана бүтүмдөрүнүн жарыкка чыгуусун тастыктоо:**

Диссертациялык изилдөөлөрдүн натыйжалары 13 илимий иш боюнча 13 илимий макалада жарык көргөн, талапка жооп берет.

**10. Автореферattтын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Орозалиев Алымкул Абдикеримовичтин «Баткен областынын суу-жер ресурстарынын колдонулушун баалоо, коргоо жана анын көйгөйлүү маселелери» деген темадагы авторефераты диссертациянын мазмунуна, андагы коюлган максаттарга жана милдеттерге толук жооп берет. Автореферат кыргыз, орус тилдеринде бирдей маанидеги резюмеге ээ.

**11. Расмий оппоненттерди жана жетектөөчү мекемени дайындоо боюнча сунушту негиздөө.**

Диссертациялык кеңешке эксперт катары төмөнкү адамдарды дайындоону сунуш кылам:

а) биринчи расмий оппонент катары география илимдеринин доктору , доцент Акматов Руслан Тынымсейитовичти (автореферат боюнча адистиги 25.00.36-геоэкология), анын изилдөө темасына жакын төмөнкү илимий эмгектери бар:

1. Акматов Руслан Тынымсейитович “Нарын дарыясынын көп жылдык агымы, жыл ичинде бөлүнүшү” [текст]/ Р.Т. Акматов // Изв. Вузов Кыргызстана – 2018, - №11. – 82-85 б.
2. Акматов Руслан Тынымсейитович “Нарын дарыясынын алабынын жогорку бөлүгүндө термикалык режимдин өзгөрүшү” [текст]/ Р.Т. Акматов // Наука новый технологии и иновации Кыргызстана – 2021. - №4. – С. 17-19.
3. Акматов Руслан Тынымсейитович “Токтогул суу сактагычына куюуучу дарыялардын куралышын изилдөө”. [текст]/ Р.Т. Акматов // Изв. Вузов Кыргызстана – 2019, - №12. – 9-13 б.
4. Акматов Руслан Тынымсейитович. “Климаттын глобалдык өзгөрүү шартында Нарын дарыясынын жогорку вегетациялык мезгилдеги агымынын өзгөрүшү”. Наука новый технологии и иновации Кыргызстана – 2020. - №11. – 3-8б.
5. Акматов Руслан Тынымсейитович. “Ички Тянь-Шанда атмосфералык жаан-чачындардын узак мөөнөттүү термелүүлөрүнүн структурасы” [текст]/ Наука новый технологии и иновации Кыргызстана – 2020. - №11. – 3-8б.
– 2020, - №1. – 9-17 б.

б) экинчи расмий оппонент катары география илимдеринин кандидаты, доцент Култаева Акмарал Кубанычбековнаны (автореферат боюнча адистиги 25.00.36-геоэкология), анын изилдөө темасына жакын илимий төмөнкү эмгектери бар:

1. Култаева Акмарал Кубанычбековна “Кыргызстандын түштүк аймагынын табигый-туристтик потенциалын баалоонун геоэкологиялык маселелери”. Монография. –Б.: “Улуу тоолор”, 2017. -168 б.
2. Култаева Акмарал Кубанычбековна “Жаратылышты пайдалануунун теориялык маселелери жөнүндө” Наука, образование, техника, №1. – Ош, - 2022. – С. 194-198
3. Култаева Акмарал Кубанычбековна “Современные возможности освоения нерудных материалов на территории южного региона Кыргызстана”. Наука, образование, техника, №1. – Ош, - 2023. – С. 182-186
4. Култаева Акмарал Кубанычбековна “Освоенность нерудных полезных ископаемых на территории южного региона Кыргызстана” (*статья*) Материалы II международной научно-практической конференции. “Актуальные проблемы проведения геолого-геофизических исследований” – Краснодар-Кубаньский государственный университет. 2024. – С. 271-278
5. Култаева Акмарал Кубанычбековна “Кыргызстандын рудалуу кендерин өздөштүрүү абалы жана маселелери”. Известия ОшТУ, 2024. 94-102 б.

г) жетектөөчү мекеме катары – Наманган мамлекеттик университетинин география жана айлана чөйрөнү коргоо кафедрасын сунуш кылам. Ал жерде 25.00.36 геоэкология адистиги боюнча илимдин бир доктору жана үч илимдин кандидаты бар.

Орозалиев Алымкул Абдикеримовичтин «Баткен областынын суу-жер ресурстарынын колдонулушун баалоо, коргоо жана анын көйгөйлүү маселелери» деген темадагы 25.00.36 – геоэкология адистиги боюнча география илимдеринин кандидаттык илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын жана түшкөн документтерин карап, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, Ош мамлекеттик университетинин алдындагы география илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча Д 25.24.698 Диссертациялык кеңешинде коргоого сунуш кылам.

Эксперт,
география илимдеринин доктору,
профессор Матикеев К.

*Эксперт К. Матикеевдин колун тастыктайм*
*Д.25.24.698 Диссертациялык кеңештин*
*окумуштуу катчысы, г.и.к., доц.* *Д.Т. Солпуева*
*2025-жылдын "12" февраль*

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ